КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ФИНАНСЫЛЫК ЧАЛГЫНДОО МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЫ

ГОСУДАРСТВЕННАЯ СЛУЖБА ФИНАНСОВОЙ РАЗВЕДКИ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ФИНАНСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

12.06.2026 г. № 75 ө/п гор. Бишкек шаары

**Жогорку тобокелдиктеги өлкөлөрдүн тизмегине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 14-ноябрындагы № 739 "Кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу токтому менен бекитилген Жогорку тобокелдиктеги өлкөлөргө карата чараларды (санкцияларды) колдонуу тартиби жөнүндө жобонун 4-9-пункттарына ылайык, ошондой эле Кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча комиссиянын 2026-жылдын 8-июнундагы жыйынынын № 17 Протоколунун 3-бөлүгүнүн 3-пунктуна **буйрук кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын 2026-жылдын 30-декабрындагы № 150/ө/п буйругу менен бекитилген Жогорку тобокелдиктеги өлкөлөрдүн тизмегине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) "Иран Ислам Республикасы" деген сап төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Иран Ислам Республикасы | Islamic Republic of Iran | ФАТФтын тизмеси, БУУнун Коопсуздук Кеңешинин тизмеси | 1, 2, 5, 6, 7 (милдеттүү); 3, 4 (ТСМ негизинде) |

2) Эскертүүлөрдө:
- төмөнкү мазмундагы түшүндүрмөлөр менен толукталсын:

"Иран Ислам Республикасына карата чараларды (санкцияларды) колдонуу боюнча түшүндүрмөлөр:

Жогоруда көрсөтүлгөн Жобонун 12-пунктунда каралган 1, 2, 5, 6 жана 7-чаралар (санкциялар) милдеттүү түрдө жана так аткарылууга тийиш.

Жогоруда көрсөтүлгөн Жобонун 12-пунктунда каралган 3 жана 4-чаралар (санкциялар) финансылык мекемелер жана финансылык эмес категориядагы жактар тарабынан тобокелдикке салынган мамиленин (ТСМ) негизинде гана колдонулат. Операцияларды жүргүзүүгө кардарды талаптагыдай текшерүүнүн күчөтүлгөн чаралары (2-чара) ишке ашырылгандан кийин жана массалык кыргын салуучу куралды таратууну каржылоо (МКСКТК) менен байланыштарынын, ошондой эле Санкциялык тизмелерге киргизилген

жактар менен байланыштарынын жоктугу ырасталгандан кийин гана жол берилет. Мындай операциялар ЕАЭБ менен Ирандын ортосундагы Эркин соода жөнүндө макулдашуунун алкагында мыйзамдуу келишимдерди, ошондой эле гуманитардык жардамды, азык-түлүктү жана дары-дармектерди жеткирүүгө байланыштуу транзакцияларды тейлөө үчүн жүргүзүлөт. Финансылык мекемелерге жана виртуалдык активдер чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүчүлөргө Ирандын финансылык мекемелери жана виртуалдык активдер чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүчүлөрү менен жаңы корреспонденттик мамилелерди түзүүгө тыюу салынат, мында алар колдонуудагы корреспонденттик мамилелер боюнча тобокелдиктерге баа берүүгө милдеттүү."

2. Кыргыз Республкасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын расмий сайтына төмөнкүлөр жайгаштырылсын:
   1) ушул буйрук - PDF электрондук форматында;
   2) жогорку тобокелдиктеги өлкөлөрдүн тизмеги - PDF жана EXCEL электрондук форматтарында («Тизмектер» бөлүмүнүн «Жогорку тобокелдиктеги өлкөлөрдүн тизмеги» бөлүмчөсүнө).

*Негиздеме: 1) ФАТФтын 2026-жылдын 13-февралындагы эл алдындагы билдирүүсү.*

**О внесении изменений и дополнений в Перечень высокорискованных стран**

В соответствии с пунктами 4-9 Положения о порядке применения мер (санкций) в отношении высокорискованных стран, утвержденных постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 14 ноября 2025 года № 739 «О мерах по реализации Закона Кыргызской Республики «О противодействии финансированию преступной деятельности и легализации (отмыванию) преступных доходов»», а также пунктом 3 части 3 Протокола заседания Комиссии по вопросам противодействия финансированию преступной деятельности и легализации (отмыванию) преступных доходов № 17 от 8 июня 2026 года, **приказываю:**

1. Внести в Перечень высокорискованных стран, утвержденный приказом Государственной службы финансовой разведки при Министерстве финансов Кыргызской Республики от 30 декабря 2025 года № 150/ө/п следующие изменения:

1) строку "Исламская Республика Иран" изложить в следующей редакции:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Исламская Республика Иран | Islamic Republic of Iran | список ФАТФ, список Совета Безопасности ООН | 1, 2, 5, 6, 7 (обязательно); 3, 4 (на основе РОП) |

2) в Примечаниях:
   - дополнить разъяснениями следующего содержания:

«Разъяснения по применению мер (санкций) в отношении Исламской Республики Иран:

Меры (санкции) 1, 2, 5, 6 и 7, предусмотренные пунктом 12 вышеуказанного Положения, подлежат строгому и неукоснительному исполнению.

Меры (санкции) 3 и 4, предусмотренные пунктом 12 вышеуказанного Положения, применяются финансовыми учреждениями и нефинансовой категорией лиц строго на основе риск-ориентированного подхода (РОП). Проведение операций допускается исключительно после реализации усиленных мер надлежащей проверки клиента (Мера 2) и подтверждения отсутствия связей с ФРОМУ и лицами из Санкционных перечней для

обслуживания легальных контрактов в рамках Соглашения о свободной торговле между ЕАЭС и Ираном, а также транзакций, связанных с поставками гуманитарной помощи, продовольствия и медикаментов. Финансовым учреждениям и поставщикам услуг в сфере виртуальных активов запрещается устанавливать новые корреспондентские отношения с финансовыми учреждениями и поставщиками услуг в сфере виртуальных активов Ирана, при этом они обязаны осуществлять оценку рисков по существующим корреспондентским отношениям.»

2. Разместить на официальном сайте Государственной службы финансовой разведки при Министерстве финансов Кыргызской Республики:

1) настоящий приказ - в электронном формате PDF;
2) Перечень высокорискованных стран - в электронных форматах: PDF и EXCEL (в подразделе «Перечень высокорискованных стран» раздела «Перечни»).

*Основание: 1) Публичное заявление ФАТФ от 13 февраля 2026 года.*

**Төрага / Председатель** **К.К. Асангулов**